2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 519 б.
3. КТС – Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / ред. А. Акматалиев. – Бишкек: AVRASYA JAYINCILIK, 2010. – 1460 б.
4. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ж. Осмонова. – Фрунзе: Илим, 1980. – 324 б.
5. Осмонова, Ж. Кыргыз фразеологиясынын негиздери [Текст] / Ж. Осмонова. – Бишкек: [б-сыз], 2008. – 177 б.
6. Сартбекова Н.К. //Трудности перевода специальных терминов с английского языка на русский. (статья)// Вестник 3(29) КГУСТА с.222-226. Бишкек 2010.

**References:**

1. Zulpukarov, K. Z. Synthesis as a method of describing language (problems of casuology, sinology, Altaic and Nostratic) [Text] / K. Z. Zulpukarov, S. M. Amiraliev. - Bishkek: [b.i.], 2021. - 748 p.
2. Phraseological dictionary of the Kyrgyz language [Text] / direct. J. Osmonova, K. Konkobaev, Sh. Japarov. - Bishkek: KTMU, 2001. - 519 p.
3. KTS - Dictionary of the Kyrgyz language [Text] / ed. A. Akmataliev. - Bishkek: AVRASYA JAYINCILIK, 2010. - 1460 p.
4. Phraseological dictionary of the Kyrgyz language [Text] / direct. J. Osmonova. - Frunze: Ilim, 1980. - 324 p.
5. Osmonova, J. Basics of Kyrgyz phraseology [Text] / J. Osmonova. - Bishkek: [without p.], 2008. - 177 p.
6. Sartbekova N.K. //Difficulties in translating special terms from English to Russian. (article)// Vestnik 3(29) KGUSTA p. 222-226. Bishkek 2010.

УДК 81-145
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-57-62

**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Жалал-Абад мамлекеттик университети, окутуучу
**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Джалал-Абадский государственный университет, преподаватель
**Esenova Nuska Mamatkulovna**
Jalal-Abad State University, Lecturer

# “КӨЧМӨНДӨР КАГЫЛЫШЫ” РОМАНЫНЫН НЕГИЗИНДЕ АНЫКТАЛГАН “ЖАЙ” КОНЦЕПТИНИН КОГНИТИВДИК БЕЛГИЛЕРИ
# КОГНИТИВНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ КОНЦЕПТА “ЖАЙ”, ОПРЕДЕЛЁННЫЕ НА МАТЕРИАЛЕ РОМАНА “ВРАЖДА КОЧЕВНИКОВ”
# COGNITIVE CHARACTERISTICS OF THE CONCEPT “ZHAI” DEFINED ON THE BASIS OF THE NOVEL “NOMADIC CONFLICT”

**Аннотация:** макалада К. Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романынын биринчи китебинен алынган мисалдардын негизинде концепттин антропоморфтук белгилери

чечмеленет. Бул белгини материалдаштыруучу мисалдардын жыштыгы салыштырмалуу жогору. Аталган белгилер кыргыздардын концептуалдык сүрөтүндөгү жай лексемасынын когнитивдик касиеттерин объективдештирүүдө чоң ролду ойнойт. “Жай” концепти башка концепттер сыяктуу антропоморфтук белгилер менен валенттүүлүк катышта каралат. Концепттин антропоморфтук белгилеринин алкагында биз анын соматикалык белгилерин кошо карап чыктык. Макалада биз жай сөзүнүн семантикасындагы антропоморфтук белгилерди репрезентациялоого гана токтолдук.

**Аннотация:** в статье интерпретируются антропоморфные черты концепта на примерах из первой книги романа К. Осмоналиева «Кочевая вражда». Частота примеров, материализующих этот признак, относительно высока. Названные признаки играют большую роль в объективации когнитивных свойств лексемы жай в концептуальной картине кыргызов. Концепт «Жай» рассматривается в валентной связи с антропоморфными признаками, как и другие концепты. В рамках антропоморфных признаков концепта мы рассмотрели и его соматические признаки. В статье мы сосредоточились только на репрезентации антропоморфных признаков в семантике слова жай.

**Abstract:** the article interprets the anthropomorphic features of the concept using examples from the first book of K. Osmonaliev's novel "Nomadic Enmity". The frequency of examples that materialize this feature is relatively high. These features play a big role in objectifying the cognitive properties of the lexeme zhai in the conceptual picture of the Kyrgyz. The concept "Zhai" is considered in a valence connection with anthropomorphic features, like other concepts. As part of the anthropomorphic features of the concept, we also considered its somatic features. In the article, we focused only on the representation of anthropomorphic features in the semantics of the word zhai.

**Негизги сөздөр:** “Жай” концепти, когнитивдик, антропоморфтук, соматикалык белгилер, дүйнө сүрөтү, вербалдашуу, номинанттар, субъект.

**Ключевые слова:** концепт «Жай», когнитивные, антропоморфные, соматические признаки, картина мира, вербализация, номинанты, субъект.

**Keywords:** concept “Zhai”, cognitive, anthropomorphis, somatic features, picture of the world, verbalization, nominees, subject.

Когнитивисттер белгилегендей, сөздөрдүн концептти атаган маанилери концепт мазмунунун айрым бөлүктөрү, фрагменттери менен дал келе алат, бирок ал маанилердин бирөөсү дагы концепттин мазмунунун ордун бүтүндөй баса албайт. Концептти толук көлөмдө чагылдыруу үчүн анын негизги маанилерин конкретизациялоого мүмкүнчүлүк берүүчү бардык каражаттарды колдонууга туура келет. Концепттер лексемалар менен гана эмес, ар кыл тартиптеги тилдик бирдиктердин кеңири чөйрөсү аркылуу вербалдаштырылышы мүмкүн [1, С. 51], андыктан тилдеги белгилүү бир концептти объекттештирүүчү көркөм адабий жана публицистикалык тексттерди анализдөө концепттин түзүүчүлөрүн ачыктоо жолдорунун бири болот. Каалаган бир көркөм текст ошол доордун дүйнө сүрөтү жөнүндөгү түшүнүктү камтыйт жана ошол эле мезгилде чындыктын субъекттивдүү жана аң-сезимдүү түрдө өзгөрүүсүнүн натыйжасына айланат. “Жай” концептинин номинанттарынын көркөм текстте берилиши жай түшүнүгү боюнча элдин этномаданиятында калыптанган элестөөлөрүн толуктоого жана кеңейтүүгө жол берет. Бул процесс белгилүү бир мезгилде жашаган автордун жана окурмандын жекече көз караштарынын жыйындысын чагылдырат. Чыгарманын авторунун мейкиндик алакаларды

чагылдыруучу сөз айкаштары жана метафоралык образдары кыргыз элинин менталитети, ой жүгүртүүсү жана дүйнө сүрөтү менен тыгыз байланышта.

Адабий чыгармадагы Жай" концептинин белгилерин, вербалдашуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн К. Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" романынын биринчи китебинин тексттиндеги мисалдарга кайрылдык. Изилдөөнүн жүрүшүндө тандалган концепти көркөм дискурста репрезентациялоочу лексемалардын семантикасын ачып берүүгө аракет жасадык. Чыгармадан тандалып алынган 403 мисал изилденүүчү материалдын жалпы көлөмүн түздү. Топтолгон фактылык материалды анализдөө аталган концепттин бир нече белгилерин: антропоморфтук, мейкиндик, материалдык, зооморфтук, абстракттуу, темпоралдык, квалитативдик ж.б. табууга мүмкүнчүлүк жаратты. К. Осмоналиевдин романынын биринчи китебинде "Жай" концепти жер, жай/жайноо, орун/орду, төр, журт ж.б. борбордук номинанттардын жардамында туюндурулат. Муну менен бирге бул түшүнүктөр жана аныкталган белгилер автордун кеби, субъекттин айтымдары жана каармандардын ойлору, кыймыл-аракеттери аркылуу берилет. Тарыхый чыгарма Жумгал өрөөнүндөгү Кулжа элин бийлеген Качыке баатырдын Ысык-Көлдө отурукташкан Ниязбек карыяга мал-жан үчүн убактылуу колдонуп турууга жайыт сурап барган эпизоддон башталат. Эки башкы каармандар боз үйдө олтуруп, урук-тууганды сүрүштүрүп, өткөн-кеткен доордогу баатырлардын жорук-жосуну, көчмөн элдердин тарых-таржымалы туурасында кеп кылып, кызык жана узун диалогго кирип кетишет.

Автордун концептуалдык дүйнө сүрөтүндөгү тигил же бул когнитивдик белгинин басымдуулук кылышы, ал белгинин түзүүчүлөрүнүн таркалуу деңгээлинин жогору экендигинен кабар берип, алардын ортосунда борбордук жана жакабелдик көрсөткүчтөрдү аныктоого жол ачат. Төмөндө биз жай сөзүнүн семантикасындагы **антропоморфтук белгилерди** репрезентациялоого гана токтолобуз. Тил аркылуу тышкы дүйнөнү категоризациялоо бүтүн бойдон адамга багытталган. Дүйнөнү концептуализациялоо тилде түптөлөт, андыктан "Жай" концепти башка концепттер сыяктуу антропоморфтук белгилер менен валенттүүлүк катышта дагы карала алат [2, С. 62]. Концепттин антропоморфтук белгилеринин алкагында биз анын соматикалык (дене мүчөлөрү менен байланыштуу) белгилерин кошо карап чыгабыз.

**Алакан.** Мунун кыймыл-аракетин жай сөзүнүн этиштик дериваты туюнтат: Жетине албаган Тагай бий тура калып **алакан жайып**: Эки тизгин, бир чылбырды, эми өз колуңа ал! - деп, батасын берген [3, 8]. Мисалда дене мүчөсү объекттик кызмат аткарып турат. Фрагмент чыгарманын негизги каармандары болгон Ниязбек карыя менен Качыке жолугуп, урук-тууган сүрүштүрүп, тээ алыскы бир заманда жашап өткөн Тагай бий аталган хан жөнүндө сөз кылып жатышкан учурдан алынган. Мында Тагай бий уулу Карачоро ээрчитип келген асыранды жигит эрөөлгө чыгып, баатырдык көрсөткөндөн кийин, аны бийликти колуңа алып, элди башкар деген ниетте ага бата берилип жаткан мезгил сүрөттөлөт. Мисалга ылайык, бата үч негизги элементтен турат: алакан + жаюу этиши аркылуу берилүүчү кыймыл аракет + сүйлөм же мазмун. Бата берүү – кыргыз салтынын, маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү. Алакан жайылбай бата берилбейт. Бул процесс адамдан эки колдун алаканын көкүрөк тушка жаза ачып, каалоо-тилектер айтылган соң бет жакка карай шилтеп коюу операциясын талап кылат. Ал эми Эки тизгин, бир чылбырды, эми өз колуна ал айтымында колдонулган эки тизгин, бир чылбыр фразелогизми "бийлик" түшүнүгүн туюндурат.

**Сакал.** Бул дене мүчөсүнүн аты да текстте объект болуп калган, мурункудай эле чакчыл этишке жалгашып колдонулган. Ата **конушуна** келген кыргыздар күтүрөгөн жылкылуу, жайнаган койлуу, жар таштай төөлүү болуп, байый баштаганда карыялар **сакал жайкап**, дөбөгө отуруп, жаштары найза уруп, кылыч шилтеп, өнөр өөрчүткөндө [3,14-15]. Бул жерде жай сөзүнүн дериваты жайка- чакчылдын -п мүчөсү менен жасалган. “Жай” концептинин семантикалык чөйрөсүнө бул этиш “жайкалган – сылап-сыйпап, сеңселтип” түрүндө кирет. Келтирилген мисалда “Жай” концепти үч белги: материалдык (ата), зооморфтук (кой) жана соматикалык (сакал) менен айкалышат. Уулунун ата конушуна кайрылып келүүсү, ал жерге мал жандыгы менен жылда конууну салтка айландыруусу кыргыз менталитетинде жогору бааланат. Кыргыздар көчмөн калк болгондуктан, жылкы, кой асырап тиричилик өткөрөт. Алардын жайытта чачылып оттогон мезгилин чагылткан лексема “Жай” концептинин номинанты болот. Ал жайноо этишинин буйрук ыңгайына -ган алломорфунун жалганышы аркылуу уюшулган.

**Төш.** Тетиги жигитти Ысык-Көлдүн түштүк – тескей учун жердеген Алыбек дейт! **Төшү жайык**, ийиндүү, бели ичке. Кызыл баркут жээктелген ак калпакчан. Мингени күмүш жабдыктуу көк ат [3,16]. Мында концепттин элементи предикаттык кызматты аткарат. Дааныш карыянын жээни Алыбек чыгармада эр жүрөк, чымыр денелүү балбан катары сүрөттөлөт. “Жай” концептинин жайык номинанты аркылуу анын дене түзүлүшү сыпатталып жатат. Аталган лексема анын көкүрөгүнүн кеңдигин жана жазык экендигин билдирип турат. Негизинен жайык сын атоочу жердин рельефин, жайылып жаткан түздүктү, мелтиреп жаткан кең талааны, өзүндү ж.б. чагылдырууда Биз айылдан чыгып кечмелиги жайык өзөн сууга туш келдик (Каимов), кууш сөзүнө карама-каршы коюлат. Келтирилген мисалда метафора (башкача атоо) стилистикалык фигурасынын жардамында баатырдын көкүрөгүнүн жайыктыгын, кеңдигин, алыстан көргөн адамга даана байкалган чымыр дене түзүлүшүн мүнөздөө үчүн колдонулган. Алынган мисалда концепттин мейкиндик белгисине тиешелүү номинант дагы учурайт. Кайсы бир аймакты жердөө, демек, ошол жайга жайгашуу, ошол жайда көп убакыт бою жашап/туруп калуу, аны мекендөө дегенди билдирет. Биздин учурда Алыбектин Ысык-Көлдү мекендегенин туюнтуп жатат. Бул көрүнүш жай жана жер түшүнүктөрүнүн теги бир экендигин дагы бир ирет тастыктап, алардын семантикалык алакаларынын ажырагыс биримдигин күбөлөндүрөт.

**Кол. Кол жайылып** бата этилбей, кыз берилбейт; кыраатка салып, куран окулбай, адам көмүлбөйт. Ушунун баары чыгым үстүнө чыгым! [3, С.28-29]. Келтирилген фрагмент алакан сөзү катышкан контекстке семантикалык жактан үндөш. Мында кыргыздын бата берүүсүнүн ишке ашышындагы зарыл элементтердин кол + жаюу айкашы менен каада-салт, үрп-адатка байланыштуу стеротиптер камтылган. Автордун көз карашында, ырым-жырым жөрөлгөлөрү ашыкча каражатты, материалдык даярдыкты талап кылат. Дагы бир жагдайга кайрылалы. Оомийин! – деп кол **жайып**, эриндери бүлкүлдөп, бата тиледи. Шондон кийин колго суу куюлуп, эт келди [3, 68]. Келтирилген мисалдардан улам бата салтына бир аз токтололу.

Бата – көп аспектилүү, көп функциялуу элдик чыгарма. Бул түшүнүк менен бир тараптын экинчи тарапка жакшылык тилөөсү берилет. Бата паремиянын кичи жанрларынан. Мында сөзсүз адресант жана адресат болот. Адресант бата тилейт. Анын тилеги адресатка багытталат. Бата үчүн жалпысынан эки субъект керек. Биринчи субъект – бата берип сүйлөөчү, экинчи субъект – батаны кабыл алып угуучу. Күбөнүн болушу милдеттүү эмес [4,

58]. Бата салтында “Жай” концептинин репрезентативи катыша тургандыгы биз үчүн маанилүү.

**Чач. Чачы жайылып,** толукшуп турган сулуу келинге кол башчы назар бура токтоло калды. Ушуну күтүп тургансып, асман жарыла чагылган ургансып [3, 30]. Объекттин кыймылын “Жай” концепти туюнтат. Жоо басып келип, айыл ичин дүрбөлөңгө түшүргөн жагдайда чачын жыйноого, түйүп алууга же башына жоолугун салууга чолосу болбогон Буурчактын көрүнүшү жай этишинин туюк мамилеси аркылуу берилүүдө. Адам чачын өрүп, иретке келтирип, чачбак менен бууп койбосо, жазылган чач бетин, далысын каптап, жүдөтөт. Бирок контекстке ылайык, чачын жайып алган аял жагымдуу көрүнө тургандыгы байкалат. Илгери турмушка чыкпай көпкө жүрүп калган, бой жеткен кыздар чачтарын желкесине түшүрө жайып жүрүшчү экен. Мындай көрүнүштөн улам кара далы деген түшүнүк келип чыккан дешет. Ушундай эле мазмундагы бир мисал Аркы капшытта **чачы жайылып**, ак жоолук салынган, бойтойгон кара тору келин [3, 68]

**Канат.** ... Ормонду орго салган жигиттер шатырап айылга келгенде Качыке **канат жайып** тосот [3, 40]. Контексттин үчүнчү сүйлөмүндө салыштыруу фигурасынын жардамында субъекттин кыймыл-аракети изилденип жаткан концепттин номинанты аркылуу ишке ашырылууда. Ошол эле учурда жагымдуу көрүнүшкө карата каармандын кубанычы чоң мааниге ээ. Адам кубанганда же сагынганда гана башкаларды канат жайып тосуп алышы мүмкүн. Бирок Качыкеде куштар сыяктуу канаты жок, канат сөзү менен автор өзгөчө образдуулук жаратуу максатында кучак сөзүн алмаштырып койгон. Кучак жайып тосуу айтымы толугу менен канат жайып тосуу түшүнүгүн алмаштыра алат.

**Адам (каармандар).** “Буларды эптеп алып чык!” – деп, куралын жигитине тапшырып, өзү ыштан-көйнөкчөн Чоң-буурулга минип, айылдагы **жай адам** кейиптенип, короодогу койду аралайт да, шып жазгырып, жок болот (аныктоочтук функцияда). Концепттин адам баласын, анын кыймыл аракетин сыпаттоочу номинанттары чыгармада өтө көп кездешпейт, алардын жалпы саны – 12. Жай сын атоочу каармандардын бири болгон Тайлак баатырдын Кокон хандыгын аскерлери басып киргенде үйүнөн качып бараткан учурдагы абалын билдирүү үчүн колдонулган. Анын мындагы маанисине сөздүккө ылайык, жайынча, жөнөкөй, өзгөчөлөнбөгөн деген лексемалар синоним боло алат. Аналогиялуу башка мисалдар да кезигет.

Экөө кайда шашмак, аттарын өздөрү тушап, отко коюп **жай** [3, 68-69]. Мында ар кимдин колунда асыранды болуп малын багып, эптеп күн өткөрүп келе жаткан Нурбай менен Жаркымбай тиричиликти кандай баштоону билбей тентип жүрүп, акыры бир айылга туш келишет. Ал жерде жесир кемпирдин үйүнө конушуп, жашап калышат. Бара турган жайы, айкын багыты жоктугунан, алар эч жакка шашпай, камырабай отурушат. Бул жагдайды автор жай түшүнүгүнүн сын атоочтук мааниси аркылуу туюнтуп жатат. Кыргыз тилинин сөздүгүндө бул маани аталган лексеманын биринчи, негизги мааниси катары берилет [5, 386].

Жогоруда биз К. Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романынын биринчи китебинен алынган мисалдардын негизинде концепттин антропоморфтук белгилерин чечмелеп бердик. Бул белгини материалдаштыруучу мисалдардын жыштыгы салыштырмалуу жогору. Чыгармадагы мейкиндик, материалдык, зооморфтук, абстракттуу, темпоралдык, квалитативдик, колоративдик ж.б. белгилерди анализдөө ишибиздин перспективасын түзөт. Аталган белгилер кыргыздардын концептуалдык сүрөтүндөгү жай лексемасынын когнитивдик касиеттерин объективдештирүүдө чоң ролду ойнойт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Попова, З. Д. Очерки по когнитивной лингвистике [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – 3-е изд. – Воронеж: Истоки, 2003. – 321 с.
2. Пименова, М. В. Введение в когнитивную лингвистику [Текст] / М. В. Пименова. – Кемерово, 2004. – Вып. 4. – 311 с.
3. Осмоналиев, К. Көчмөндөр кагылышы [Текст]: роман / К. Осмоналиев; сүрөтүн тарткан Д. Алаев. – Бишкек: КЭ, Башкы ред., 1993. – 740 б.
4. Зулпукаров, К. З. Бата салтын үйрөнүүгө арзыйт. Паремиологиялык этюддардан [Текст] / К. З. Зулпукаров, А. Абдулатов, М. Малабаев // Эл агартуу. – 2002. – № 3/4. – 58-59-б.
5. Сартбекова Н.К. //Трудности перевода специальных терминов с английского языка на русский. (статья)// Вестник 3(29) КГУСТА с.222-226. Бишкек 2010.
6. КТС – Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / ред. А. Акматалиев. – Бишкек, 2010. – 1460 б.

**References:**

1. Popova, Z. D. Essay on cognitive linguistics [Text] / Z. D. Popova, I. A. Stern. - 3rd search. - Voronezh: Istoki, 2003. - 321 p.
2. Pimenova, M. V. Introduction to cognitive linguistics [Text] / M. V. Pimenova. - Kemerovo, 2004. - Vyp. 4. - 311 p.
3. Osmonaliev, K. Conflict of nomads [Text]: novel / K. Osmonaliyev; Photographed by D. Alaev. - Bishkek: KE, Chief Ed., 1993. - 740 p.
4. Zulpukarov, K. Z. The blessing tradition is worth learning. From paremiological etudes [Text] / K. Z. Zulpukarov, A. Abdulatov, M. Malabaev // Public education. – 2002. – No. 3/4. - pp. 58-59.
5. Sartbekova N.K. //Difficulties in translating special terms from English to Russian. (article)// Vestnik 3(29) KGUSTA p. 222-226. Bishkek 2010.
6. KTS - Dictionary of the Kyrgyz language [Text] / ed. A. Akmataliev. - Bishkek, 2010. - 1460 p.